КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIV сессиясы**

**Токтом № 106**

Сүлүктү шаары 05.04. 2023ж

**Сүлүктү шаардык кеңешинин 2010-жылдын 4-февралындагы X сессиясынын №64 "Сүлүктү шаарындагы Коомдук өзүн өзү башкаруу аймактарынын башчыларына, жергиликтүү маанидеги төлөмдөрдүн кээ бир түрлөрүнөн жеңилдиктерди берүү жөнүндөгү" токтомуна тактоолорду киргизүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын коомдук өз алдынча башкаруу аймактарынын башчыларынын ооз эки кайрылууларын эске алып, шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамына жана 2009-жылдын 20-июлундагы №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2010-жылдын 4-февралындагы X сессиясынын №64 "Сүлүктү шаарындагы Коомдук өзүн өзү башкаруу аймактарынын башчыларына, жергиликтүү маанидеги төлөмдөрдүн кээ бир түрлөрүнөн жеңилдиктерди берүү жөнүндөгү" токтому күчүн жоготту деп табылсын;
2. Сүлүктү шаарындагы Коомдук өзүн өзү башкаруу аймактарынын төрагалары/төрайымдары каттодо турган үй-бүлө мүчөлөрү менен биргеликте "Сүлүктү-Тазалык", "Сүлүктү-тазасууканал" муниципалдык ишканаларына болгон төлөмдөрүнөн бошотулсун;
3. Сүлүктү шаарындагы Коомдук өзүн өзү башкаруу аймактарынын төрагаларынын/ төрайымдарынын "Сүлүктү - Тазалык", "Сүлүктү - тазасууканал" муниципалдык ишканаларына болгон төлөмдөрүн шаардык бюджеттин эсебинен компенсациялоо жагы шаардын мэри Б. Абдыжапаровго жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Сүлүктү башкармалыгынын башчысы А. Келдибековго милдеттендирилсин;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

Төрага : Р.М. Жайнаков